"Тарых - турмуш насаатчысы"

*(Цицерон)*

# ОШ~3000



"Кыргыз жери сопсонун, кыйласынан Ош сонун"

*(Байдылда)*

САНДАН - САНГА

# ОШ - БАЙЫРКЫ БАБА КАЛАА

## *Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесине карата Сандан-санга*

Кыргыз жергесинде көз көрүп, кулак укканы Ошко жашташ бөлөк шаар жок. Бул байыркы баба калаанын жаралуу доорунун так датасы белгисиз, болмуштар анын негизделишин Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский), ал түгүл азирети Сулайман (Соломон) пайгамбардын ысымдары менен да байланыштырат. Анткени менен Фергана өрөөнүндөгү чоң калаа катары 9-10-кылымдардагы жазма булактарда эске түшүрүлгөнү бар. Бирок СССР илимдер Академиясынын археология институтунун /Ленинград бөлүмүнүн Ю.А.Заднепровский башчылык кылган Фергана экспедициясынын археологиялык казуу жумуштары Оштун жаралуу тарыхын андан да арыраак жылдырган. Окумуштуу шаардын Троя менен жашташ экендигин айткан. Бул жерде дыйкандардын кыштагы кийинки коло доорунда түшкөн. Азыркы Оштун чок ортосундагы Сулайман тоосунун эңкейишинде калаанын эң чоң кыштагы болуптур, өтө зор аянттагы казуулардын жүрүшүндө 14 жер төлө табылган. Бүткүл ушул комплекс Фергананын Чуст маданиятынын негизги эстеликтеринин материалдарына түспөлдөш болуп турат. Бул дата бир нече радиоуглероддук аныктамалар менен ырасталууда. Оштун аймагындагы ошол кыштактын салынышынын мезгилине тиешелүү материалдар пединституттун имаратын куруу учурунда казылган чуңкурдан жана Чаян-Дөбөдөн табылган, демек Оштогу кыштак 3000 жыл мурда салынган жана келечектеги Оштун башаты болгон.

Ошентип, чындыгында эле шаардын эң байыркы катмарлары атам замандарга алып барат, биринчи миң жылдыкта Ош аркылуу чыгыш менен батышты байланыштырган атактуу жибек жолунун тармактарынын бири өткөн. Алгачкы орто кылымдарда ал чоңдугу жагынан Фергана өрөөнүндөгү үчүнчү шаар деп эсептелинген. Коло доорунда Оштун үч кыштагынын бири Ак-Буура суусунун сол жээгинен, экинчиси Сулайман тоонун чыгыш тараптагы этегинен, үчүнчүсү жана эң байыркысы - Чаян-Дөбөдөн орун алган.

8-10-кылымдарда калаанын дубал менен курчалган сепили, Шахристаны жана Рабаты болгон, "отко табынуучулардын храмынын дарбазалары" деп айтылып калышына караганда, храм бул жерде арабдардын Ферганада пайда болушуна чейин кызмат өтөп келген сыяктанат.

Шаардын байыркы замандан тартып орто кылымга чейин тынымсыз өсүп-өнүгүп отургандыгын жогоруда айтылган пединституттун пайдубалы үчүн чуңкур казуу учурунда жыйналып алынган материалдардан байкоого болот. Оштун тарыхындагы эң байыркы даректүү күбө Сулайман-тоосунун чокусундагы жазуу болуп эсептелет, анда самандык Наср ибн Ахмеддин ысмы жазылган экен, ал жазууну 1885-жылы Фергананы алгач изилдөөчү Н.И.Веселовский окуптур. Тыйындардын табылгалары боюнча Ошто тыйын чегүүчү сарай болгондугу, караханиддердин Ошто чегилген алгачкы тыйынындагы дата 1002-жылды көрсөткөндүгү белгилүү.

1984-жылы Сулайман-тоосунун чыгыш тараптагы эңкейишинде ачылган орто кылымдагы кварталдын бир бөлүгүнүн материалдары феодалдык Оштун маданиятынын гүлдөп турган чагынан элес берет. Анда негизги орунду 10-12- кылымдардагы мончо ээлейт. 15 имарат тазаланган, алардын арасында орто кылымдын алгачкы жана эң байыркы архитектуралык курулушунан болгон суу түтүгүнүн калдыктары табылган, жазма булактар, нумизматиканын жана эпиграфиканын маалыматтары Ош 10-12-кылымдарда саманиддер мамлекетинин жана караханиддер мамлекетинин тутумунда Фергананын эң чоң экономикалык, маданий жана соода борбору болгондугун далилдейт.

15-кылымдын аягында бүткүл Фергана менен Ошту ээлеп турган султан Бабур Ошту өтө сүйүмөнчүлүк менен эскерген. Анын "Бабур-наме" аттуу китебинде: "Ал жердин абасы сонун, агын суулар арбын, баар мезгили эң жакшы болот. Оштун дөөлөтү туурасында көп болмуштар жетти... Абасынын жанга жагымдуулугу жана тазалыгы жагынан Ферганада Ошко теңелээр шаар жок",- деп жазылган. Ал 1496-97-жылдарда Сулайман тоосунун чокусуна чакан имарат курдургандыгын билдирген.

16-17-кылымдарда феодалдык ич ара чыр-чатактардын жүрүшүндө моголдор, кийинчерээк калмактар тарабынан көп жолу кол салууга жана талап-тоноого дуушар болгон. 1762-жылы Ошту Кокондун өкүмдары Ирдана тартып алган. Кийинчерээк кокондуктар баскынчылык жортуулдар үчүн аскердик-таяныч базаларынын бирине айландырган. Ош 19-кылымдын алгачкы отуз жылынын ичинде азыркы Тажикстандын түндүк тарабына, азыркы Кыргызстандын ички райондоруна (Кетмен-Төбө ж.б.), Жети-Суунун түштүк бөлүгүнө жана Памир-Алайга жортуул жасоого кокондуктарга база болуп кызмат өтөгөн.

Шаарга жамаатташ жашаган кыргыз уруулары Ошту кокондук феодалдардын тартып алышы менен дароо эле элдеше коюшкан эмес, кийин көп жолу кокондуктарга каршы көтөрүлүшкөн, кыргыздардын ушундай эң чоң көтөрүлүштөрүнүн бири 1845-жылы болду.


**(уландысы бар)**




**(уландысы, башталышы өткөн санда)**

Алайлык кыргыздар Кокондо негизги аскер күчтөрүнүн жоктугун пайдаланышты. Хандын убактылуу өкүмдары Мусулманкул башчылык кылган аскерлер Ташкенттеги көтөрүлүштү басууга кетишкен. Ошентип, алайлык кыргыздар өзбек калкынын колдоосу менен Үч-Коргонго чукулдап келишип, Мады чебин жана Ошту камалоого алышты. Кыргыздардын көтөрүлүшүнө Алымбек, Саидбек, Пулат даткалар жана башка кыргыз феодалдары башчылык кылышкан. Көтөрүлүш Кур-оглы башчылык кылган шахристандык кыпчак феодалдары жана Мусулманкулдун аскерлери тарабынан талкаланды.

Дегинкисинде, Ош шаары тегерегинде коогаландуу көчмөн кыргыздар жашаган Кокон хандыгынын эң чет шаарларынын бири катары көп жолу көтөрүлүш кыймылынын борборуна айланган. Хандын бийлигине наразы болгондор, тактыга талапкерлер да колдоону ушул жерден издешкен, кийинчерээк Кудаяр-хан Бухара эмиринин жардамы менен тактыны өзүнө кайтарып алган кезде, кыргыз жана кыпчак феодалдары Кокондон качып чыгып, Анжиянга жана Ошко баш пааналашкан.



Оштун калкынын негизги бөлүгү сугат жерлеринде дыйканчылык кылышкан. Күрүч жана жемиш бактарын өстүрүшкөн. Шаарда чебер кол

да болду. Көчөлөрү ийри-буйру, кууш шаарга катарлаш Ак-Бууранын ылдыйкы сол жээгине жаңы (орус) шаар түштү. Ал жерде уезддик башкармадан жана башка мекемелерден тышкары солдаттардын казармалары жана аптекалуу лазарет (аскер ооруканасы) жайгашкан.

19-кылымдын аягында 20-кылымдын башталышында россиялык жана чет өлкөлүк соода өнөр-жай компанияларынын дүкөндөрү, соода конторалары жана сатып алуу пункттары ачылган. 1914-жылда жеке капиталисттик типтеги салыштырмалуу чоң өнөр жай ишканалары пайда болду. Европалык типтеги курулуштардын арасынан көлөмү жана архитектурасы жагынан чиновниктер менен орус көпестөрүнүн, бардар мешандардын чарбак үйлөрү өзүнчө эле айырмаланып турган.

1897-жылы Оштун тургундарынын саны 34,2 миң адам эле. 1900-жылы Ошто 1770 кыргыз жашаган. 1897-жылы 17,7 миң оштуктун кирешелеринин негизги булагы айыл чарбасы, 8 миңи үчүн - майда кол өнөрчүлүк жана 4,6 миңи үчүн соода болгон.

Түштүк Кыргызстандын россиянын курамына кириши Ош шаарында соода-сатыктын өнүгүшүнө даңгыр жол салды. 1895-жылы 1145 соода күбөнаамалары берилген: Ошол чөлкөмдөгү эң чоң Ош базарында 1911-жылы 1300 соода күркөлөрү болгон. Кыргыздар жана орус дыйкандары базарга алып келишкен эгиндерин, малын, малдан алынган азыктарын кездемеге, фабрик-зоот товарларына айырбашташкан. Оштук кызыл кулактар дан азыктарын Ферғананын пахта эгүүчү райондоруна жеткиришкен.

лышкан, күрү жа-
на жемиш бакта-
рын естүрүшкен. Шаарда чебер кол енерчүлер, майда соодагерлер жашаган. Ош шаарындагы жана анын чет жакаларындагы жемиш бактуу кооз чарбактар ханга, анын жакындарына, жанжекерлерүне таандык болгон. Алар шаардын тургундарын, ага жамаатташ кыргыз айылдарында жашагандарды салык менен мүнкүретүп турушкан. Сонку орто кылымдагы мезгил менен салыштырганда, шаардыктар Ак-Бууранын жээгиндеги бир кыйла кебүреек аймактарды өздөштүрүшкен. Бирок 19-кылымдын алгачкы отуз жылында шаар Маргалаң менен Ташкенттен алда канчалык кичирээк болгон. Чыгыш тибиндеги жалпак жондуу топурак тамдар көзгө комсоо көрүнгөнү менен, алардын кемчилигин бак-дарактар жаап-жашырып келген.




Түштүк кыргыздардын көчмөн жана жарым көчмөн калкынын 19-кылымдын 50-70-жылдарындагы бир нече жолку көтөрүлүшү дайыма Ош шаарынын эмгекчилеринин колдоосуна ээ болуп келген. Кыргыз көтөрүлүшчүлөрү эки жолу (1873-жана 1875-жылдарда (шаарды уруш-согушсуз эле ээлеп алышкан. Ал эми шаардын тургундары Оштун бегин камап, кокондук солдаттарды кубалап чыгышкан да, өзүлөрүн орус букаралыгына кабыл алуу өтүнүчү менен Анжияндагы орус бийликтерине өкүл жиберишкен. 1875-жылдын 10-сентябрында Оштун тургундары четжакалардагы кыргыз айылдарынын калкы сыяктуу эле полковник М.Д.Скобелевдин орустар отрядын туздаам таттырып, меймандостук менен тосуп алышкан. Ошентип, 1876-жылдын 18-мартында Кокон хандыгынын жоюлгандыгы жарыялангандан кийин шаар 1876-жылдын жазында жана жайында ошол жерде Россиянын позициясын бекемдеген Алайга жасалган орус аскерий-илим экспедициясынын базасы болуп кызмат аткарган.

Кыргызстандын Россиянын курамына ыктыярдуу киришинин процесси аяктагандан кийин Ош шаары 1876-жылы Түркстан генерал-губернаторчулугунун мурдагы Кокон хандыгынын жерлеринен түзүлгөн Фергана облусундагы Ош уездинин борбору болуп калды. Бул андан ары Оштогу шаардык турмуштун өнүгүшүнө жалпысынан оң таасирин тийгизди.

Курулуштун мүнөзү өзгөрдү. Шаардыктардын саны өстү. Шаар калкынын көп улуттуу курамы калыптанды, анын кесиптик-социалдык структурасы да өзгөрүлдү. Чарбалыкмаданий турмушта кээ бир жаңылыктар пай-

...кан. Оштук кызыл кулактар дан азыктарын Ферганынын пахта эгүүчү райондоруна жеткиришкен.

20-кылымдын башталышында Ошто базар соодасы менен катар дүкөн соодасы арбыды. шаардагы соода жайлары минден кыйла ашып, жылдык жүгүртүүлөр бир нече миллион сомдон ашып кетти. Ош жана анын көпөстөрү түштүк кыргыз райондорунун Жети-Суу, Фергана жана Орто Азиянын башка райондору менен соода-сатыкта байкаларлык роль ойноду. Бул жерден кол өнөрчүлөр менен үздөрдүн буюм-теримдерин - кийиз, чепкен, калпак, топу, өтүк, килемдерди гана эмес, оогандардын, индустардын, кашкарлардын да товарларын сатып алууга болоор эле.



Тургундарынын саны жана соодасынын өнүгүшү боюнча Кыргызстандын эң чоң шаары болуп туруп, Ош ошол эле мезгилде өнөр жайы жагынан Бишкектен, Караколдон, Ферганынын башка чоң шаарларынан алда канчалык артта калган. Өнөр жай ишканаларынын жалданма жумушчулары азыраак эле. 1908-жылы Ошто 441 өнөр жай ишканалары болуп, алардын жылдык өндүрүшү 41 минден ашуун сомду түзгөн. Андан кийинки беш жылда майда кол өнөрчүлүк ишканалардын жана булгаары, жыгач, темир иштетүүчү устаканалардын саны ого бетер көбөйсө да, өндүрүштүн жана кол эмгегинин мүнөзү дээрлик өзгөрүлбөстөн кала берген. Жалданма жумушчулар анча-мынча гана арбыган.

Шаардын энергетикасы жаңыдан эле телчиге баштаган. 1913-жылы жаңы шаардагы Як-Калик арыгында чакан ГЭС курулуп, анда "Френсис" тибиндеги 240 аттын күчүнчөлүк гидротурбина жана туруктуу токтун 55 киловаттык генератору орнотулган. Электр кубаты тегирмен жүргүзүп, жергиликтүү байлардын үйлөрүнө жарык берген. 1914-16-жылдарда "Шимонек" фирмасы жана инженер Лебедев тарабынан Ак-Буура суусу изилденип, кубаты 4500 жана 5500 аттын күчүнчөлүк 2 ГЭСтин долбоору түзүлгөн.

**(Уландысы бар)**

# “КАБАРДА” – ТҮРКҮН ЖАН




**(Уландысы).**

1913-жылы шаардын эң чоң деп эсептелинген 4 өнөр жай ишканасында бир жылда 29800 сомдук (ошол кездеги баа боюнча) гана товар чыгарылган. Ишканалардын ириси пиво кайнатуучу завод жана тегирмен болуп, аларда 105 жумушчу иштеген. Көпөстөр менен мыкчегер ишкерлер оездук шаардын чарбалык турмушун чеңгелдеп турушкан. Кыргызстандын Россиянын курамына ыктыярдуу киришинин прогрессивдүү натыйжалары, өлкөнүн борбордук райондорунун элдеринин алдыңкы маданиятынын өсүп-өнүгүшүнө түрткү берди. Ошондой болсо да 1917жылдагы улуу төңкөрүшкө чейин мусулман фанатизминин орто азиялык чыгыштагы ири очогу бойдон кала берген. Шаарда жүздөгөн мечиттер, элүүгө жакын башталгыч диний мектептер, бир нече медресе болгон. Алардын ичинен Алай канышасы Курманжан датканын күйөөсү Алымбек-датка салдырган медресе өтө көрүнүктүүсү да, белгилүүсү да эле. Оокаттуу үй-бүлөлөрдүн балдары гана сабаттуулукка жетишкен.

Шаардын алдыңкы орус интеллигенциясынын далалаты менен 1878-жылдын 1-июлунда Ошто дин (приход) окуу жайы, ал эми 1886-жылы жергиликтүү орус мектеби ачылган. 19кылымдын аягынан тартып шаарда фельдшердик пункт, андан соң чакан оорукана иштеп турган. 1900-жылы ветеринардык пункт, кийин агрономиялык жана башка илимий-практикалык уюмдар ачылган. 1878-жылдан тартып метеостанция иштеген. Музыкалык-драмалык кечелер, башка жактан келишкендердин оюн-зооктору шаардыктардын турмушунда чоң роль ойноду. Памир-Алайга жана Азиянын башка чет өлкөлөрүнө экспедиция жасашкан орустун окумуштуу-саякатчыларынын аскер чогулуштарында сүйлөгөн сөздөрү жана окуган дарстары элдин аң-сезимин ойготуп жаңылыкка үндөгөн.

19-кылымдын аягынан тартып, өзгөчө 20-кылымдын башталышы менен Ошто жана жалпы эле оездо таптык карама-каршылыктар ого бетер күчөп кетти. 1882-жылы шаардын эмгекчилери жана жамаатташ жарды-жалчылар биригишип алып, салыктын мүңкүрөтүшүнө, жер пайдалануудагы социалдык теңсиздикке жана оездук-шаардык бийликтердин зомбулугуна каршы чыгышты. Бул Фергана облусунун түштүгүндөгү 19-кылымдын соңку он жылындагы алгачкы жана эң чоң элдик чайпалуу болгон. Кээ бир оштуктар 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө катышып, куугунтукка алынган, Оштун түрмөсүндө жалдырап жатышкан.

Орустун биринчи буржуазиялык-демократиялык революциясынын алдында Ош калаасы падышачылыктын саясий душмандары сүргүнгө айдалган жай болуп калды. Ош акырындык менен революциячыл социал-демократиянын үгүт-насаат ишинин борборлорунун бирине айланды. Ташкенттик көрүнүктүү большевик В.В.Быховскийдин Ошко келиши, анын коомдук-саясий темада дарс окушу шаарга бүлүк түшүрдү. 1909-жылдын 10-сентябрында Оштогу түрмөнүн арыстоондору падышалык түрмөчүлөрдүн катаал мамилесине каршы наразылык көрсөтүштү. Бул Оштун бүткүл коомчулугун дүрбөлөңгө салды. Оштун жардыжалчылары кыргыз эмгекчилеринин улуттук-боштондук кыймылына дайыма жөлөк-тирек болуп келген. Шаардыктар 1916-жылдагы көтөрүлүштү да колдошту. Бул көтөрүлүштүн себеби талаа жумуштары кыйгас жүрүп жаткан маалда жергиликтүү улуттагы бардык эр адамдарды аскердик оорук жумуштарына жумшоого чыгарылган падышанын фарманы болучу.

1916-жылдын июль айынын башталышында падышанын фарманына каршы наразылык билдиришкен 10 миң шаардыктар жана жакын жердеги айылдыктар Сулайман тоосунун этегине чогулуп келишип, падышанын чиновниктерине жана феодалдар менен байлардын өкүлдөрүнө таш ыргытып турушкан. Бул көтөрүлүш 1916-жылдын жайында жана
күзүндө аёосуз басылды. Аскердик-оору
жумушуна жиберилген Ош шаарынын жан
Ош оезүнүн тургундары падышалык бийлик
тин буйруктарын көп жолу аткарбай коюшту
көп жолу иш таштоо жарыялашты. 1917 жыл
дын 10-мартында падышанын тактыдан кула

*ПРИГЛАШАЕМ*

КЫРГЫЗСКАЯ АГ
РЫНОЧНАЯ ИНФОРМАЦ

Экспериментальный проект КАРИС
хозяйства в настоящее время осущес
Иссык-Кульской областях. При соде
комитета, Государственного департа
консультативных служб проект
анализом и распространением ры
массовой информации и консульт
проект КАРИС финансируется
правительства, но в конце года В
финансирование и расширить К
результате, появилась срочная потр
областях, а именно в Чуйской, Ж
областях. Определенные потребност

**1. Штат необходимый для центров**
**Нарынской областях**

Требуются **региональный ру**
**ассистент** (номер должности **RA1**) в к
обязанности данных сотрудников бу
по сбору, сопоставлению и ана
распространению посредством мест
всему региону, а также передача
областные сотрудники должны буд
включения в базы данных по регион

* Все кандидаты должны быть
разбираться в математике и вопро
крайней мере, базовые знания испол
должны выполнять работу в устано
должны предоставлять рыночную и
будут соответствовать должностя
собеседования с наиболее подходящи

* Заявления на вышеуказанные до
письменном виде, к чему
автобиографию, указав: образовани
и адреса двух лиц, давших реко
претендуемой должности. **Докумен**
**по адресу: г. Бишкек, ул. Киевс**
**водного хозяйства, КАРИС,**
**Руководителю группы, факс: 8 33**